Билип ал

Салам берүүнүн адеби кандай?

Учурда салам берүү адебин билбегендер кездешет. Ата бабалардын салам берүү адеби тууралуу жаштарга билдире кетсек дедим.

• Кандай учурда саламдашуу керек?

Саламдашуунун жети шарты бар:

1. Мусулман адамга " Ассалому алейкум" деп салам берүү шарт
2. Жолдо баратканда кезиккен адамдарга
3. Бирөөнүн үйүнө киргенде
4. Жыйындарга, олтуруштарга барган кезде
5. Олтурган жериңде келген адамдар менен учурашуу (ошол жерге салам айтып койсо болот).
6. Олтурган жериңден кетээринде (муну коштошуу саламы дейт)
7. Өз үйүнө киргенде үй бүлөң менен саламдашуу шарт

• Кандай учурда салам. берилбейт?

Мунун беш шарты бар:

1. Мончодо жуунуп жатканда саламдашуу болбойт
2. Даратканада (ажаткана) олтурганда
3. Жакын тууганчылыгы жок аялдарга (аялдар эркектерге)
4. Куран окуп жаткан адамга
5. Намаз окуп олтурган адамга. Ошондой эле арак ичип, мас болуп жүргөн адамга салам берүүгө болбойт.Кээде мончого же даратканага кире калганда адамдар саламдашып жатканын көрөбүз. Бул туура эмес экенин аларга эскертип коюңуз.

• Салам берүү адеби канча?

Салам берүүнүн жети адеби бар:

1. Салам берген адам таза болуусу керек
2. Ат же башка унааны минип жүргөн адам, жөө кишиге биринчи салам берсин
3. Жашы кичүү адам улууга салам берет
4. Саламды курсантчылык, ачык маанай менен жылмайып айтсын
5. Жеке адамга "Ассаламу алайка", же "Саламун алайк" деп берет
6. Көпчүлүк адамдарга "Ассаламу алейкум'" деп саламдашуу керек. Унчукпай баш ийкеп же колду көкүрөккө коюп саламдашуу же алик алуу жарабайт.
7. Эки киши бири-бирине жакындаганда кол беришип учурашат.

Эки колдоп бармактарын кармаштырып, бир биринин колун эки үч жолу силкип саламдашуу туура.

• Саламга алик алуу (жоп кайтаруу) адеби кайсылар?

Мунун жети шарты бар:

1. Саламды кубануу менен алик алуу
2. Салам берген адамга "Ыракмат" деп айтыш
3. Ислам дининде эмес адам салам берсе, ага урмат көрсөтүп саламын алик алуу
4. Саламды алик алган адамдын да колу таза болуусу
5. Көпчүлүк адамдарга салам айтылса баары эмес, бирөө эле алик алса жетиштүү
6. Саламды баш ийкеп, үнсүз эмес, үнүн чыгарып алик алсын
7. Саламды алик алган адамдын жообун, салам берген адам уксун

Мына салам айтуунун бабаларыбыз аткарып келген адеби. Азыр улуулар балдарына ушул адептерди үйрөтүү парз.

Майрамбек ДЕРКЕНБАЕВ,
Кочкор району.

Биле жүр

- Жылуу көк чайды бал менен ичсеңиз мээге пайдасы көп.
- Сабизди уктар алдында жесеңиз ден-соолукка пайда.
- Сууну узак кайнатуу же кайнатылган сууну кайрадан дагы кайнатып чай демдөө өтө зыяндуу.
- Ар кандай ооруну дарылоо ашказанды айрандын сарысы менен жуугандан башталат.
- Көк чай бөйрөктү жууйт, андагы сезгенүүнү айыктырат.
- Уйкусу качкан адам бал жаласын.
- Адамдын боору төрт нерсени жакшы көрөт: чийки капуста, быштак, катуу нан, бал.
- Кези келгенде орточо ыйлап туруу ден-соолукка пайдалуу.
- Кимде-ким бир литр айрандын сары суусун кечинде 10-15 күндө бир жолу ичип, ашказанын жууса, кан басымы, кант диабети, гемморой, ашказан оорусу сыяктуу оорулардан кутулат.
- Көк чайды дайыма ичкен жана сары сабиз жеген адам өсмө (рак) оорусуна чалдыкпайт.

Адам жөнүндө алты факты

1. Адам көргөн түшүнүн 90%ын унутуп коет.
2. Дүйнө жүзүндөгү жалпы адамдардын 7%ы сол колдуулар.
3. Адамдын организминдеги бактериялардын жалпы салмагы 2 килограммга жетет.
4. Адамдын бүткүл жашоосунда анын териси 1000 жолу алмашат.
5. Адамдын көзү 10 млн түрдүү түстү көрүүгө жөндөмдүү.
6. Орто эсеп менен адам бир күндө 4800 сөз сүйлөйт.

Улуттук банк маалымдайт

Насыялык бюродон насыялык маалымат алмашуу

Кыргызстандын кредиттөө рыногунун кеңири жайылышы жана өнүгүшү менен учурда бардык финансы-кредит уюмдары (анын ичинде банктар, кредиттик союздар жана микрокредиттик уюмдар) үчүн карыз алуучулар тууралуу так маалыматтын топтолушу, тагыраак айтканда, карыз алуучунун насыяны (кредитти) төлөө жөндөмү, төлөө тажрыйбасы, башка финансы-кредит уюмдар менен алакасы тууралуу так маалыматтын болушу зор мааниге ээ. Ал үчүн атайын насыя боюнча маалымат алмашууну ишке ашыруучу коммерциялык уюм - насыялык бюролор иштеп келет (КИБ). Насыялык тарыхты тариздеген насыялык бюролордон насыялык маалымат алмашуу тууралуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Нарын облустук башкармалыгынын көзөмөл бөлүмүнүн инспектору Аскербек уулу Самарбекке кайрылып, төмөнкүдөй маалыматтарды алдык.

Насыялык бюро деген эмне?

Насыялык бюро - бул насыялык маалымат алмашууну жүзөгө ашыруу боюнча кызматтарды көрсөтүүчү мекеме. Башкача айтканда, насыячылар (кредит алган жеке жана юридикалык жактар) жөнүндө маалыматтарды чогултуп жана насыя тарыхын түзүп, насыялык тобокелдикти төмөндөтүү максатында тейлөөлөрдү көрсөтүү үчүн түзүлгөн мекеме. Мыйзамдардын талабы боюнча, финансы-кредит уюмдар насыялык бюрого кардарлар (кредит алган жеке жана юридикалык жактар) жөнүндө маалыматтарды толук жана өз убагында тапшырууга тийиш.

“Насыялык маалымат алмашуу жөнүндө” мыйзамга ылайык, насыялык бюролордун ишмердүүлүгүн лицензиялоо, жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы саналат. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында эки насыялык бюро өз ишмердүүлүгүн алып барууда. Алар: «Ишеним» Насыя Бюросу» жана «Кредитное бюро» Сэйф энд Саунд» жабык акционердик коомдору, булардын кеңселери Бишкек шаарында жайгашкан.

Насыялык бюронун ишмердүүлүгүнө карата төмөнкү талаптар коюлган:

- насыялык тарыхтардын коопсуздугун камсыз кылуу;
- насыялык бюронун үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыз кылуу;
- маалыматтын тууралыгын жана сактыгын камсыз кылуу;
- насыялык отчетторду чыгаруу;
- насыялык тарыхтагы өзгөртүүлөрдү киргизүү жана отчеттуулук боюнча талаптар коюлган.

Насыялык бюронун болушунун канчалык зарылдыгы бар?

Насыялык маалымат берүү жана алмашуу кредиттик келишимдерди түзүүдө, өзгөртүүдө жана аткарылышын мониторинг жүргүзүүдө тобокелдиктерди баалоо максатында гана жүзөгө ашырылат.

Маалыматтар базасы карыз алуучу тууралуу маалыматты камтыйт. Анын ичинде, карыз алуучунун толук насыялык маалыматы жана анын бул күнгө чейинки насыя боюнча төлөмдөрдүн тарыхы киргизилет. Карыз алуучу тууралуу маалымат терс (төлөнбөгөн насыялар, узартуулар) же болбосо оң маалымат катары (кынтыксыз аброй) каралышы мүмкүн. Карыз алуучунун насыя тарыхында оң маалыматтардын камтылуусу насыя алуу учурунда жагымдуу шарттар менен кредит алууга мүмкүнчүлүк берет.

Насыя боюнча маалымат алмашуу – деген эмне?

Насыя боюнча маалымат алмашуу бул – насыялык бюронун, карыз алуучунун, финансы-кредит уюмдардын ортосундагы насыялык тарыхты түзүү жана насыялык отчетту берүү максатында маалымат жыйноо, аларды талдоо, сактоо, керектөөчүлөр менен бөлүшүү, пайдалануу жана коргоо боюнча өз ара иш-чаралар топтому.

Насыялык бюро маалыматты туура иштеп чыгуу үчүн жооптуу жана коопсуздукту сактап, насыялык отчетторду туура түзүп, маалыматтардын ишенимдүүлүгүн жана сапатын жогорулатууга милдеттүү. Насыялык бюро түшкөн маалыматты оңдоого, өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укугу жок. Бирок, толуктап, актуалдуу маалыматты сактоого милдеттүү. Эгерде насыялык отчетто камтылган маалыматтардын анык эместиги жана бурмалангандыгы кредит алган адамдардын күнөөсү боюнча эмес болгон учурда, насыялык бюро кредит алган адамга жана финансы-кредит уюмдарына оңдолгон насыялык отчетту берүүгө милдеттүү.

Насыялык бюролорго, финансы-кредит уюмдарга насыялык тарыхтын курамына кирген маалыматты пайдалануу жана алмашуу процессинде белгилүү болгон маалыматтарды ачыкка чыгарууга тыюу салынат жана бул банктык сыр болуп эсептелинет.

“Насыялык маалымат алмашуу жөнүндө” мыйзам күчүнө киргенден бери насыялык бюрого маалымат берүү милдеттүү түрдө иштей баштады. Ага чейин ыктыярдуу түрдө болуп келген. Мыйзамга ылайык финансы-кредит уюмдар өзүндө болгон насыялык маалыматты келишимдин алкагында жок дегенде бир насыялык бюрого берүүгө милдеттүү.

Насыялык тарых – деген эмне?

Насыялык тарых – бул насыя тууралуу финансы-кредиттик уюмдар өз ара бири бири менен карыз алуучунун (карызкордун), кепилдик берүүчүнүн (поручитель) карызы кандай аткаргандыгы тууралуу маалыматтардын жыйнагы. Насыялык тарыхта: качан, канча насыя, алынган насыялар өз убагында же белгиленген мөөнөттөн өткөрүлүп төлөнгөндүгү тууралуу маалыматтар жана башка келишимдин шарттары боюнча толук маалыматтар камтылат.

Жалпысынан алганда, ар бир карыз алуучунун кредиттик тарыхы үч бөлүктөн турат:

- Биринчи бөлүгү - карыз алуучунун толук аты-жөнү, паспорту тууралуу, үй-бүлөлүк абалы, жашаган жери боюнча жеке маалыматтар.
- Экинчи бөлүгү - насыялар жөнүндө маалымат: өлчөмү, төлөө мөөнөтү, төлөнгөну жөнүндө маалымат, же төлөнбөгөн карыздын көлөмү, ошондой эле пайыздарды төлөп берүү мөөнөттөрү ж.б. Ошондой эле бул бөлүмдө соттун кредиттик келишимдер боюнча талаш-тартыштарды караган маалыматтары камтылышы мүмкүн.
- Үчүнчү бөлүгү - насыялык тарыхтын булактары жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

Насыялык тарыхтарды сактоонун негизги максаттарынын бири - финансы кредит уюмдары өз ара карыз алгысы келген адам жөнүндө так жана толук маалыматты топтоп, насыя берүүгө жооптуу мамиле кылып, бир финансы кредит уюмунун берген насыясын башка насыяны жабууга жумшап, жарандардардын карыздан карызга чөгүп кетүүсүнө чек коюу болуп саналат. Ошондой эле, топтолгон маалымат туруктуу финансы-кредит системасын түзүүдө зор мааниге ээ. Анткени, насыялык тобокелдиктерди төмөндөтүүгө өбөлгө түзөт жана статистикалык талдоо кылууга берилген насыялардын санын, сапатын көз карандысыз анализдөөгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Эгерде насыялык тарыхыңыз жагымдуу болуп, алган милдеттемелериңиз ар дайым убагында так аткарылып келген болсо - бул сиздин ишенимдүүлүгүңүздү аныктайт жана финансы-кредит уюмдун мыкты сунуштарына ээ болооруңузга шарт түзөт. Карыз алуучунун насыя тарыхы, насыялык бюрого маалыматтарды өткөрүп берүү жөнүндө макулдашууга кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет.

Насыялык бюро насыялык тарыхта кардарга насыя берүү же бербей коюуну сунуш кылбайт. Сиздин насыялык тарыхыңыз менен таанышып чыгып, бирок күрөөнүн наркы же башка бир себептерден финансы-кредит уюм насыя берүү жөнүндө тиешелүү чечимин кабыл алып, тобокелчиликти өзүнө алууга мыйзам мүмкүндүк берет. Мисалы, кээ бир учурларда үч күн кечигүү бир финансы-кредит уюм үчүн техникалык маселе катары бааланса, башка финансы-кредит уюмга насыя боюнча пайыздык чен жана насыянын мөөнөтүн өзгөртүү үчүн маанилүү маалымат болушу мүмкүн.

Түз мааниде алганда, насыя тарыхты кайра жазып оңдоп коюу мүмкүн эмес, бирок насыя боюнча милдеттенмелерди так аткаруу менен насыя тарыхтагы маалыматты толуктап, жаңы алгылыктуу маалыматтар менен тактап, толуктоого мүмкүнчүлүгүңүз ар дайым бар. Насыя тарыхында алгылыктуу насыялык маалыматтар жети жыл бою, жагымсыз насыялык маалыматы беш жыл бою сакталат.

Кара тизме – деген эмне?

Насыялык бюролор “Карыз алуучулардын кара тизмегин” түзүшпөйт жана андай түшүнүк дагы жок. Анын ордуна, насыялык бюролор жеке жана юридикалык жактар жөнүндө оң болобу терс болобу, насыялык маалыматты чогултуу, иштеп чыгуу жана сактоо жолу аркылуу алардын насыялык тарыхын түптөшөт. Ошону менен бирге, насыялык бюролор келип түшкөн маалыматка эч кандай өзгөртүүлөрдү киргизишпейт жана финансы-кредит уюм тарабынан кандай түрдө берилсе, ошо боюнча сактай беришет.

Ага ылайык, финансы-кредит уюмдар, карыз алуучунунун абалын караштырып жатып, ал адамдын мурдагы карыздарын анын насыяга жана ушул сыяктуу милдеттенмелерге кандай мамиле кылларын ачык көрө алат. Эгерде, ал насыяларды өз мөөнөтүндө төлөбөсө, бул адамдын төлөө жөндөмдүүлүгү төмөндүгүнөн кабар берет. Мындай шарттарды, финансы-кредит уюм насыя берүүдө сөзсүз түрдө эске алат жана насыя алууда жагымсыз тарых өзүнүн терс таасирин тийгизиши толук мүмкүн.

Тенир Too
Нарын облустук коомдук-саясий гезит
Башкы редактор Таалайбек Дүйшөналиев
УЮШТУРУУЧУ: Нарын облустук медиаборбору
Дарек: 722600. Нарын шаары, Жамгырчы уулу Абас көчөсү №5
e-mail: tenirtoo@mail.ru
Телефондор: 5-03-01, 5-13-22, 5-13-20, 5-70-77, 6-03-22;
факс: 5-03-01.
Реклама принимается на любом языке, по желанию рекламодателя. За содержание рекламы редакция ответственности не несет.
Гезит бейшемби күнү чыгат.
Заказ берүүчүнүн даяр оригинал - макети менен «Учкун» ААК басмаканасында басылды, Бишкек ш. Ибраимов көч - 24, тел: (0312) 591603.
Буйрутма: №1255
Тираж: 3094, Индекс 68429
Автордун жарыяланган макалалары жана каттары гезиттин көз карашын билдирбейт
Басууга 2020-жылдын 14-октябрында саат 15.30да кол коюлду.
Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинде катталган. Каттоо күбөлүгүнүн № 643
ЭСЕПТЕШҮҮ ЭСЕБИ:
Нарын облустук медиаборбору
Банк: Борбордук казына
БИК: 440001
(440201-рутокен менен которгондо эсептешүү эсеби: 4402011001002362
ИНН: 02409201410151
төлөө коду: 14511900